УДК 544.03:544.2
DOI 10.58649/1694-5344-2025-2-13-17

**АБДЫМОМУНОВА Г.А., УКЕЛЕЕВА А.З., ЖОЛДОШААЛЫ КЫЗЫ Н.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**АБДЫМОМУНОВА Г.А., УКЕЛЕЕВА А.З., ЖОЛДОШААЛЫ КЫЗЫ Н.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**ABDYMOMUNOVA G.A., UKELEEVA A.Z., GOLDOSHAALI KYZY N.**
KNU J. Balasagyn

# КЕНЖЕ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН КӨҢҮЛ БУРУУСУН ЭЛДИК ОЮНДАР АРКЫЛУУ ӨНҮКТҮРҮҮ

## РАЗВИТИЕ ВНИМАНИЯ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ ЧЕРЕЗ НАРОДНЫЕ ИГРЫ

## DEVELOPING THE ATTENTION OF YOUNGER SCHOOLCHILDREN THROUGH FOLK GAMES

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада кенже мектеп окуучуларынын көңүл буруусун өркүндөтүүдө элдик оюндарды колдонуунун мааниси жөнүндө маалымат берилди. Негизинен элдик оюндарды колдонуу кичи мектеп окуучуларынын көңүл буруусун өнүктүрүүдө жана дегеле билим берүү процессиндеги бирден-бир маанилүү ыкма экендиги маалымдалды.

**Аннотация:** В статье представлена информация о значении использования народных игр для развития внимания младших школьников. Подчеркивается, что применение народных игр является одним из важнейших методов в развитии внимания младших школьников и в образовательном процессе в целом.

**Abstract:** This article presents information on the significance of using folk games to develop the attention of younger schoolchildren. It mainly emphasizes that the use of folk games is one of the most important methods for enhancing attention in younger students and plays a crucial role in the educational process as a whole.

**Негизги сөздөр:** көнүл бурууну өнүктүрүү; кенже мектеп окуучулары; элдик оюндар; ыктырдуу көнүл буруу.

**Ключевые слова:** развитие внимания; младшие школьники; народные игры; произвольное внимание.

**Keywords:** attention development; younger schoolchildren; folk games; voluntary attention.

Учурда башталгыч класстагы окуучулардын көңүл буруусунун өнүгүшүн изилдөө маселеси барган сайын актуалдуу болууда. Бул, биринчи кезекте, жашоо ритминин тездеши менен байланыштуу, анда окуучулардын ден соолугун сактоо, алар үчүн ыңгайлуу жашоо жана окуу шарттарын түзүү маанилүү милдетке айланууда.

Азыркы учурда окууга болгон кызыгуусун жоготкон, көңүл буруу концентрациясы төмөндөгөн жана интеллектуалдык деңгээли төмөндөгөн балдардын саны өсүүдө. Бул жагдай окуучулардын потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатууга багытталган практикалык психологиялык-педагогикалык каражаттарды иштеп чыгуунун зарылдыгын шарттоодо.

Кичи мектеп окуучуларынын көңүл буруусун өнүктүрүү билим берүү процессиндеги маанилүү маселелердин бири болуп эсептелет. Көңүл буруу өз алдынча психикалык процесс эмес, бирок ал бардык билим алуу иш-аракеттерине кошулуп кирет.

Кичи мектеп жашында маанилүү маселелердин бири ыктыярдуу көңүл бурууну өнүктүрүү болуп саналат. Ыктыярдуу көңүл буруу жана анын өзгөчөлүктөрү билим берүү процессинде зарыл болгон факторлорду түзөт. Анын өнүгүүсүнүн деңгээли ошондой эле башка когнитивдик процесстердин, мисалы, эс-тутум, ой жүгүртүү жана ар кандай интеллектуалдык жөндөмдөрдүн өнүгүүсүнө жана калыптанышына таасир этет.

Көңүл бурууну өнүктүрүү жана жакшыртуу, жазууга, эсептөөгө жана окууга

үйрөнгөндөй эле маанилүү. Бул өнүгүүдө маанилүү факторлордун бири оюндар болуп саналат.

Бала чакта ойнолгон оюндардын мааниси кичи мектеп жашында аягына чыга баштайт жана акырындык менен окуу жана эмгек ишмердүүлүгү менен алмаштырылат, бул жерде негизги айырмачылык катары оюндан жөн гана кубаныч алууга караганда, белгилүү бир максатты көздөө жатат. Элдик оюндарда да көптөгөн оюн ыкмалары бар, алар аркылуу кичи мектеп окуучуларынын көңүл буруусун өнүктүрүүгө болот. Оюндарга педагогика жана психология жактан караганда, аларды билим берүү жана тарбиялоо каражаттары катары эсептесек болот. Бул оюндар көп кыймылдап, калыс болууну, көңүл бурууну, акылдуулук, чеберчилик жана тырышчаактыкты талап кылат. Кыргыз эли көптөгөн жашоодогу процесстерин ошентип, оюн аркылуу чагылдырган.

Мындай оюндарда көңүл буруу, ой жүгүртүү жакшыртылып, пландаштыруу, болжоо, ийгиликке жетүү мүмкүнчүлүктөрүн салмактап, альтернативаларды тандоо өңдүү аракеттер кирет. Оюндун табияты жана мааниси жөнүндө суроо көптөгөн изилдөөчүлөрдүн көңүлүн буруп келген жана азыркы күнгө чейин кызыктырып келет, мисалы: П.Я. Гальперин, В.Л. Данилова, А.В. Запорожец, Д.Б. Эльконин [4].

Балдар үчүн оюндун мааниси бала бакча жашында баштапкы орунда болгондой, мектеп жашында да анын мааниси төмөндөбөйт. Л.С. Выготский мектеп жашында эки негизги багыт: оюн жана окуу, оюнд жана эмгек, мектеп окуучуларынын ишмердүүлүгүнүн негизин түзөт деп белгилеген [2]. Л.С. Выготский оюнду инсанды өнүктүрүүнүн түгөнгүс булагы деп көргөн [3].

Акыркы жылдары билим берүүнүн сапатына болгон талаптар өстү жана ошол эле учурда элдик оюндун билим берүү жана тарбиялоо ыкмасы катары мааниси калыс бааланбай келет.

Кыргыз педагогикасында элдик оюндарды мектеп окуучуларынын көңүл буруусун өркүндөтүүчү фактор катары изилдеген эмгек дээрлик жок десек жаңылышпайбыз. Ошондуктан бул макалада каралган суроолор абдан актуалдуу болуп эсепетлет.

Оюн түрлөрүнүн ар кандай формалары адамзаттын тарыхый өнүгүүсү менен эзелки замандардан бери эле адамдардын жашоосун коштоп келген жана бүгүнкү күнгө чейин өзгөчө орунду ээлайт. Антикалык доордун белгилүү ойчулу Аристотель бала тарбиялоодо оюндар өзгөчө орунду ээлеши керектигин белгилеген. "Балдардын оюндарында алар келечекте кандай иш кылышары чагылдырылышы керек", – деген.

А. Локшиндин «Эски дүйнөнүн оюнчуктары» деген макаласында антик доорундагы балдардын оюндары ошол учурдагы коомдук мамилелер системасын чагылдырып турганы тууралуу ой айтылат. Мисалы, Байыркы Грециядагы көптөгөн оюндар саясий мүнөздө болгон, Афинада "падыша оюну" белгилүү болчу, анда балдар ата-энелеринин ролдорун аткарып, айыпталган балдарга "сот ишин" уюштуруп, келечектеги кул ээлеринин ролун аткарып ойношкон [4].

Кулчулук коомунан тартып, бүгүнкү күнгө чейин оюн бала ишмердүүлүгүнүн өзгөчө формасы болуп калды, оюн аркылуу бала ошол доордун коомдук жүрүм-турум нормаларын үйрөнүп, ошол коомдун өндүрүштүк күчтөрүнүн деңгээлин чагылдырган буюмдар менен иштөө ыкмаларын билген.

Башында оюн адамдар үчүн бош убакытты өткөрүү гана эмес, ошондой эле жашоону уюштуруу жолу (үй-бүлөлүк, чарбалык, коомдук) болгон. Ал кезде оюн адамдын көптөгөн жөндөмдөрүн, мисалы, байкагычтыкты, акылдуулукту, чыдамкайлыкты, чеберчиликти, ийкемдүүлүктү, ар түрдүү кырдаалдарда мамиле куруу жөндөмүн үйрөтүп, өстүрүп келген.

Адам өмүр бою ойносо да, “оюн” деген түшүнүк балалык менен байланыштырылат. Балдардын оюн маданияты чоңдордун маданияты менен тыгыз байланышта өнүгүп келген, анткени балдар ар дайым үй-бүлө, уруулар жана айылдагы ар кандай окуяларга катышышкан. Күндөлүк турмуш өзгөрүп, чоңдордун маданияты жаңыланып, көптөгөн нерселер жашоодон чыгып кеткен болсо да, алар балдар үчүн кызыктуу жана өзгөчө бойдон калууда. Мисалы, жаа жана жебени бүгүнкү күндө адамдар дээрлик колдонбогону менен, балдар үчүн дагы деле кызыктуу.

Ар бир маданиятта өзүнүн салттары бар. Алар балдардын жашоосунда да көрүнөт. Анын бири – балдардын бири-биринен оюндарды өткөрүп алуусу. Элдик оюндар эл тарабынан түзүлүп жана муундан муунга өткөрүлүп келгендиктен ушундайча аталып калган.

Арадан көп убакыт өтүп, көптөгөн элдик оюндардын мазмуну өз доору менен байланышын жоготуп, муундан муунга өтүп кеткен. Оюндар, башында пайда болгон шарттардан алыстап кетсе да, алардагы идеялар бүгүнкү күндө да актуалдуу.

Педагогикада элдик оюндардын мааниси жогору бааланган. А.П. Усова өз ишинде «Орус педагогикасы элдик балдар оюндарын бала тарбиялоодо, баланын жашоосунун ымыркай жана бала бакча доорунда гана эмес, мектеп жашында да зарыл болгон элемент катары караган» деп белгилейт. П.Ф. Лесгафт өзүнүн физикалык тарбия берүү системасын түзүүдө негиз катары элдик оюндарды колдоно баштаган [5].

Элдик оюндар бүгүнкү күнгө чейин өз педагогикалык маанисин сактап келет. Оюндардын өткөрүлүш шарттары өзгөргөн сайын алардын эрежелери да өзгөрөт. Ошондуктан элдик оюндарды коллективдүү чыгармачылыктын натыйжасы деп атап, алардын пайда болуу убактысы боюнча эмес, алардын жаралышы жана муундан муунга өтүү ыкмасы боюнча талдоо жүргүзүү керек.

Бүгүнкү күндө педагогикалык адабияттарда элдик оюндардын бир катар жыйнактары бар, аларда авторлор оюндардын мазмунун жана эрежелерин толук баяндоого аракет кылышкан. Алардын арасында Т.И. Осокина, А.В. Кенеман жазган «Балдардын элдик кыймылдуу оюндары», М.Ф. Литвинова жазган «Орус элдик кыймылдуу оюндар», М.Ю. Новицкая, Г.М. Науменко жазган «Бир, эки, үч, төрт, беш, биз сен менен ойнойбуз: Орус балдар оюндарынын фольклору» ж.б. [5].

Элдик оюндарды ар кандай талдап көрсөң, алардын канчалык универсалдуу экенин көрө алабыз. Алар эс тутум, байкагычтык, көңүл буруу, коллективизмди, ошондой эле чеберчиликти, тактыкты, чыдамкайлыкты өнүктүрөт. Демек, элдик оюндар заманбап педагогика үчүн маанилүү, ошондуктан бүгүнкү күндө колдонулууда. Алар заманбап оюндарды четке какпайт, тескерисинче, аларды өз ара толуктап, баланы өнүктүрүү максатын көздөйт, аны келечектеги жашоого даярдайт.

Оюндар көптөгөн кылымдар бою өнүгүп, адамдын бардык жашоо жолунда анын өнүгүүсүнө чоң мааниге ээ болуп келген.

Оюн феноменин эң кеңири жана терең караган Йохан Хейзинганын "Оюнчу адам – "HOMOLUDENS" деген тарыхый изилдөөсү эсептелет. Бул классикалык изилдөө оюндун табиятын жана анын адамзат цивилизациясындагы маанисин ачыктап берет. Бирок бул жерде эң көрүнүктүүсү – бул концепциянын гуманисттик негиздери, бул концепция көптөгөн өлкөлөрдүн жана элдердин маданиятынын тарыхында байкалат. Адамдын жашоосунун бардык тараптарын оюндук жүрүм-турум формаларына айландыруу жөндөмдүүлүгү жана каалоосу анын башынан эле бар болгон чыгармачылык накылдарынын объективдүү тастыктап турат, бул адамдын эң баалуу мурасынан болуп саналат [5].

Элдик оюндардын инсанды тарбиялоодо жана өнүктүрүүдө мааниси өзгөчө, анткени оюн ар бир балага өзүн субъект катары сезүүгө, өзүнүн инсандык сапаттарын көрсөтүүгө жана өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Оюн ар дайым эки убакыттык өлчөмдө көрүнөт: азыркы жана келечек. Бир жагынан алганда, оюн инсанга ошол учурдун кубанычын тартуулап, анын учурдагы муктаждыктарын канааттандырат. Экинчи жагынан, оюн келечекке багытталган, анткени анда жашоо кырдаалдары же болжолдонуп, моделденет же болбосо инсанга социалдык, кесиптик жана чыгармачылык милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон сапаттар, жөндөмдөр, көндүмдөр бекемделет.

Оюндун башкы мааниси бала ага бөлгөн убакыттын көлөмү менен эмес, анын негизги муктаждыктарын канааттандыра алышы менен аныкталат. Оюндун жүрүшүндө башка ишмердүүлүк түрлөрү пайда болуп, өнүгөт; оюн көңүл бурууунун жана баланын туруктуу психикасынын калыптанышына эң чоң өбөлгө түзөт. Кыргыз элдик оюндары бардык психикалык процесстердин – көңүл бурууунун, эс тутумдун, кыялдын өрчүшүнө көмөктөшүп, баланын организминин жогорку өнүгүү баскычына өтүшүн стимулдайт.

Т. Рибо көңүл буруу ар дайым эмоциялар менен байланышта экенин белгилеген, анын күчөшүнө же алсырашына карабастан, эмоциялар тарабынан чакырылат деп эсептеген. Башкача айтканда, изилдөөчү көңүл буруу менен эмоциялардын ортосундагы өзгөчө жакын байланышты көргөн [13].

А.Н. Леонтьев жана Л.С. Выготский көңүл бурууда сөздүн маанилүү ролун баса белгилешкен, анткени сөздү колдонуу аркылуу кайсы нерсеге көңүл буруу керек экени көрсөтүлөт [7].

Балдардын ар кандай ыктыярдуу жүрүм-турумунун калыптанышында оюн олуттуу роль ойнойт. Оюн учурунда ыктыярдуу көңүл

буруу менен эстутум өнүгүп, аракеттердин максатка багытталуусу жана түрткүлөрдүн иерархиясы калыптанат. Л.С. Выготский оюнду «ыктыярдуу жүрүм-турум мектеби» деп сүрөттөгөн [3].

Элдик оюн – өз алдынча жашаган ишмердүүлүктүн бир түрү болуп, ал тарбиялоонун жана үйрөтүүнүн каражаты катары кызмат кылат жана баштапкы маанилүү функциясын – баланын рефлексиясы аркылуу өз алдынча билим алуусун камсыз кылууну сактап келет. Оюндарды өткөрүүнүн максаты өнүктүрүү аспектин камтыйт, тактап айтканда: көңүл буруунун төмөнкү касиеттерин өркүндөтүү (көнүгүү, туруктуулук, топтолуу, бөлүштүрүү, багыттуулук).

Кыргыздар да эл болуп жаралгандан өздөрүнө мүнөздүү ар кыл доорлорго, мезгилдерге, ошол көздүн социалдык шартына жараша ошого таандык оюндарды жаратышкан. Эл канчалык көчмөн өмүр сүрүп, сабатсыз болгонуна карабай калың калктын башынан өткөргөн өмүрдүн элесин унутулгус кылыш, оюн өнөрүндө калтырып, келечек урпактарга белек катары сактап келиптир.Ар бир оюнду өткөрүүдө ага катышууга оюнчулардын жаш курактарын, даярдыктарын, жекече өзгөчөлүктөрүн, жынысын, оюнда колдонулуучу аспаптарды, оюн өткөрүлүүчү жайларды эсепке албай коюуга болбойт.

Кенже мектеп жашындагы сунуштай турган кыргыз элдик оюндарды катарына: беш таш (топ таш), көз таңмай, жоолук таштамай, ак терек көк терек, шакек салмай ж.б. атасак болот

Оюндарды өткөрүү учурунда балдарга алдыда турган аракеттер жана оюн ишмердүүлүгүнүн максаттары түшүндүрүлөн. Ыктыярдуу көңүл буруунун өнүгүшүндө оюн эрежелерин өздөштүрүү өзгөчө маанилүү роль ойнойт. Кыргыз элдик оюндарынын эмоциялык жандуулугу балдарда позитивдүү сезимдерди пайда кылып, алардын ыктыярдуу көңүл буруусунун калыптанышына өбөлгө түзөт. Балдар эсептерди колдонуп, ролдорду бөлүштүрүп, оюн тартибин аныкташат. Эсептерди колдонуу алардын оюндагы кезектүүлүккө көңүл буруусуна жардам берип, чыңалууну басаңдатат.

Оюн учурунда балдарга сөздөр, көрсөтмө кыймылдар жана тышкы таянычтар аркылуу көңүл бурууну жана жүрүм-турумду башкарууну үйрөтүлөт. Так тапшырмалар берилген («кара», «угуп көр», «тийип көр» ж.б.), жана балдар белгилүү бир иш-аракетке көңүл буруунун алгоритмин кубануу менен өздөштүрүшөт. Кыймылдуу оюндар аркылуу баланын көңүл буруусунун бардык касиеттери активдүү өнүгөт [4].

Башталгыч класстагы окуучулардын көңүл буруусу дагы эле көп жагынан мектепке чейинки балдарга мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ. Тактап айтканда, алардын көңүл буруусу толук калыптана элек, уюштурулбаган, көңүлдү бир иштен экинчисине которуу жана бөлүштүрүү жөндөмдүүлүгү начар өнүккөн, ошондой эле көңүл буруунун көлөмү чакан.

Балдар алигиче көңүлүн негизги жана маанилүү элементтерге топтоону жакшы өздөштүрө элек. Алардын көңүлү көбүнчө окуу тапшырмаларын аткаруу үчүн зарыл болгон шарттардан эмоционалдык жагымдуулугу же сырткы жаркын көрүнүшү менен айырмаланган экинчи даражадагы белгилерге ооп кетет. Ошондой эле башталгыч класстагы окуучулардын жогорку эмоционалдык сезгичтиги алардын маанилүү деталдарга көңүл топтоосуна тоскоолдук жаратат.

Мындан тышкары, алар окуу материалындагы негизги маанилүү элементтерди көз жаздымда калтырып, тескерисинче, аларга сырткы кызыктуу жана жаркын деталдары менен таасир калтырган экинчи даражадагы нерселерге көңүл бурушу мүмкүн.

Көңүл буруунун бардык касиеттерин өнүктүрүү үчүн балдар менен иштөөдө өнүктүрүүчү элдик оюндарды колдонуу зарыл. Бул оюндар башталгыч класстагы окуучулардын көңүлүн топтоо, бөлүштүрүү жана бир иштен экинчисине которуу жөндөмүн өркүндөтүүгө, анын көлөмүн көбөйтүүгө жана туруктуулугун жогорулатууга чоң өбөлгө түзөрү шексиз.

**Колдонулган адабияттар**

1. Возрастная и педагогическая психология: Учебное пособие для студентов пед. институтов / Под ред. М.В. Матюхиной, Т.С. Михальчик, Н.Ф. Пронкина и др. – Москва: Просвещение, 1984.

2. Выготский Л.С. Развитие высших форм внимания в детском возрасте // Хрестоматия по вниманию. – Москва, 1976.

3. Выготский Л.С. Основы детской психологии (новое издание). – СПб.: Питер, 2007, 672 с.

4. Абдымомунова Г.А., Жолдошаалы кызы Г., Омурова А.А. Психикалык өнүгүүсү артта калган кенже мектеп балдардын гиперактивдүүлүгүн азайтууга багытталган оюнтерапия методу. КУУ ж. Баласагын Жарчысы, 2024, №4, с. 373-376.

5. Гальперин П.Я., Кабыльницкая С.Л. Экспериментальное формирование внимания. – Москва, 1974.

6. Гоноболин Ф.Н. Внимание младшего школьника // Психология младшего школьника / Под ред. Е.И. Игнатьева. – Москва: изд.-во Академии педагогических наук РСФСР, 1960.

7. Ланге Н.Н. Теория волевого внимания // Хрестоматия по вниманию. – Москва, 1976.

8. Леонтьев А.Н. Проблемы развития психики: к теории развития психики ребенка (новое издание). – Москва: ИНФРА-М, 2006, 584 с.

9. Маклаков А.Г. Общая психология. Учебник для вузов. – Спб.: Питер, 2007.

10. Матюхина М.В., Михальчик Т.С., Патрина К.Г. Психология младшего школьника. – Москва: Просвещение, 1976.

11. Общая психология / Под ред. Е.И. Рогова. – Москва: Владос, 1998.

12. Осипова А.А., Малашинская Л.И. Диагностика и коррекция внимания. Программа для детей 5-9 лет. – Москва, 2002.

13. Психология / Под ред. И.В. Дубровиной. – Москва, 2002.

14. Рибо Т.А. Психология внимания. – Москва: Либроком, 2016, 96 с.

15. Рубинштейн С.Л. Основы общей психологии / Составители А.В. Брушлинский, К.А. Абульханова-Славская. – Спб.: Изд. «Питер», 2000.

**Рецензент: д.п.н., профессор Мамбетакунов У.Э.**